Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин жана Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун алдындагы Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулаймановичтин изденүүчү Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж)” деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына

## КОРУТУНДУ

1. **07.00.02 - Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.671 Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Ж. С. Абдиев тарабынан сунуш кылынган 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж)” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган кандидаттык диссертациясы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин жана Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун алдындагы Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин профилине туура келет.

Каралып жаткан иште илимий адабияттарга жана архивдик булактардын негизинде Кыргызстандын эгемен доорундагы жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы ырааттуу изилдөөгө алынган жана 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна дал келет.

### 2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты

Диссертациялык изилдөөнүн максаты 1991-2010-жылдардагы Кыргызстандын рыноктук шартка өтүшүнө байланыштуу анын жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөө болуп эсептелет. Изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлган:

1. Темага тийешелүү мурда жарык көргөн илимий эмгектерди тыкыр изилдөө, аларга объективдүү баа берүү;
2. Изилдөөнүн объектиси менен предметин туура жана так аныктап, анын негизине карата изилдөөлөрдү жүргүзүү;
3. Диссертацияны ийгиликтүү аткарууда жана анын натыйжаларын илимий негиздүүлүк менен сунуштоодо изилдөөнүн методологиясын туура тандоо, аларды илимий шартта колдоно билүү;

4. Изилдөөнүн булактык базасынын кенендигин жана маанилүүлүгүн аларды пайдалана билүү жөндөмдүүлүктү аныктоо;

5. Мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын пайда болушунун тарыхый өбөлгөлөрү жана алардын экономикалык ишмердүүлүктүгүндөгү айырмачылыктарды тактоо;

6. Эл аралык жана экономикалык мамилелеринин жогорку кесиптик билим берүү багытындагы дүйнөлүк билим берүү системасына интеграцияланууусундагы ордун аныктап, тактоо.

7. Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасында жеке менчиктик жана чет өлкөлүк жеке менчиктик каржылоодогу жогорку окуу жайлардын пайда болушу өзгөчө тарыхый мааниде болгондуктан булардын экономикалык тарыхы изилдөөгө муктаж;

Диссертацияда коюлган максатына жетүүдө аткарылган милдеттерге ылайык диссертациянын изилдөө проблемасына ылайык изилдөөнүн тарыхнаамалык, тарыхый булактык базасы топтолгон. Диссертациялык изилдөөнүн объектиси диссертациянын максаты менен милдеттерине дал келет.

Диссертациялык иштин обьектиси жана предмети 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Тарыхый учур тастыктагандай XXI кылымдын глобалдык негизги өндүрүш күчү катары адамдын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгү менен акыл эмгеги болууда. Ушундан улам, коомчулуктун алдындагы эң актуалдуу маселелердин бири катары сапаттуу билим берүү жана анын негизинде жарала турган акыл эмгегин өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Ошондуктан каралып жаткан маселени ар тараптуу илимий изилдөө менен анын турмушта колдонулуучу жактарын кеңири пайдалануу, терс жактарын четке кагуу дүйнөлүк деңгээлдеги актуалдуу маселе катары коюлууда.

Ал эми өнүгүү ресурстары чектелүү болгон Кыргызстан үчүн жогорку билимдүү адистерди бүгүнкү замандын талабына ылайыктуу даярдоо маселеси актуалдуу болууда. Изилденип жаткан маселенин постсоветтик Кыргызстандын тарыхындагы абдан маанилүү тема экендигин баса көрсөтүп келген дагы бир жагдай – билим берүүнүн, өзгөчө кесиптик жогорку билим берүүнүн өтө маанилүү экенине карабастан каралып жаткан жылдарда ал маселе ар тараптуу изилдөөгө алынбай келгендиктен анын илимий негиздеги оптималдуу өнүгүү багыттарын сунуштоо зарылчылыгына байланыштуу экендигинде.

**3. Илимий натыйжалар**

Диссертациялык иш бай архивдик булактардын негизинде даярдалган. Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик архивинин фондундагы

али илимий айлампага киргизиле элек материалдар диссертациянын өзөгүн түзөт. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын көз карандысыздыгын алгандан кийинки мезгилдеги жогорку окуу жайларды каржылоодогу өзгөрүүлөр, окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгүнө түздөн-түз тийешеси бар мамлекеттик-укуктук актылар менен ЖОЖдордун финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча топтолгон тарыхый булактык база тарыхыйлуулуктун негизинде илимий анализге алынды.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациялык изилдөө жүргүзүү мезгилинде топтолгон тарыхый булактык базанын негизиндеги диссертациянын жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы рыноктук мамилелер, экономикалык реформалар, экономикалык-финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча талдоо жүргүзүүдө, өлкөнүн билим берүү багыты боюнча стратегиялык пландарды, концепцияларды иштеп чыгууда көмөк бермекчи.

Изилдөөнүн негизинде чыгарылган илимий тыянактар билим берүү системасы боюнча жалпылоочу эмгектерде, изилдөөлөрдө, Кыргызстандын эгемендик доорундагы жогорку кесиптик билим берүү маселелерин изилдөө иштеринде кеңири колдонууга сунушталат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Диссертациянын кол жазмасына карата эки тилде (кыргыз, орус) окшош даярдалган автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет жана диссертациянын максаты менен милдеттери авторефераттын текстинде чагылдырылган. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациялык эмгекте грамматикалык, стилистик каталарга жол берилген.
2. Үчүнчү бапты эки бапка бөлүү зарылчылыгы бар.

**7. Сунуштар:**

1. 3-баптын бөлүмдөрү боюнча илимий жыйынтыктарды тереңдетүү максатка ылайык болот.
2. Таблицалардын аталыштарын тактап аларга илимий талдоо жүргүзүү сунушталат.
3. Диссертациялык изилдөө илимий редакциялоого муктаж. Кол жазмада чет элдик сөздөр көп кездешет.
4. Корутундуну илимий негизде кайрадан иштеп чыгуу зарылчылыгы бар.

**8. Сунуштамалар:**

1. Жетектөөчү мекеме катары: Кыргыз-Түрк "Манас" университетин

2. Биринчи расмий оппонент катары: Тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулаймановичти сунуштайм

3. Экинчи расмий оппонент катары: Тарых илимдеринин кандидаты, профессор Бедельбаев Аскарбек Бедельбаевичти сунуштайм

**9. Корутунду:**

Ж.С. Абдиевдин "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж)" аттуу 07.00.02 Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет.

**10. КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндөтпөйт. Иш илимий талаптарга ылайык өз алдынча жазылган илимий эмгек болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет. Абдиев Жээнбек Сейталиевичтин адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча "Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж)" деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңешинде алдын ала коргоо үчүн кабыл алууга сунушталат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев А.С.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д 07.23.671 Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева А.К.

19.02.2025-ж.